PDF-XChange Viewer Click to buy NOW! www.docu-track.com

# Класстагы окуу бурчун түзүү жана китептерди колдонуу боюнча инструкция.

## 1.Жалпы жобо

Китептер, USDA каржылаган "Билим үчүн азык жана балдардын тамактануусу" долбоорунун алкагында пилоттук мектептерге белекке берилди. Максаты, Кыргыз Республикасында 1-4 класстын окуучулары үчүн класстагы окуу бурчтарын түзүү, китептер менен толуктоо жана балдардын класстан тышкаркы убакта окууга болгон кызыгуусун өнүктүрүү, окуу көндүмдөрүн жакшыртуу. Белекке берилген китептер, класстагы окуучулардын жашын эске алуу менен, алар окуган класстарга бөлүнүшү керек. (1-4 кл). Мектептеги башталгыч класста бир канча параллель класстар болсо, жалпы китептер параллель класстардын санын эске алуу менен бөлүнөт. Мисалы,1-класста параллель 3 класс окуса, (1-а,1-б,1-в), анда китептер ошол 3 класска бирдей бөлүнөт. Окуу бурчтарындагы китептер кыргыз жана орус тилдеринде болуусу керек. Окуттуу жүргүзүлгөн тилге китетердин проценти дал келүүсү керек. Эгерде окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлсө, анда 70% кыргыз тилиндеги китептер, 30 % орус тилинде, же тескерисинче.

Окуу бурчундагы китептерди окуучулар толук окуп бүткөн сон, параллель класстар китептер менен өз ара алмашышат.

## 1. Класс жетекчинин милдеттери

- Класстагы окуу бурчун түзүү жана ишин алып барууга класс жетекчи милдеттүү
- Темалар боюнча китептердин тизмесин түзөт. (Мисалы, энциклопедия, жомоктор, фантазия, ....).
- Китептерди окурмандар үчүн ыңгайлуу жерге жайгаштырат.
- Өзүнүн классындагы окуучуларга окуу бурчундагы китептерди колдонуу эрежесин жобо боюнча түшүндүрөт.
- Ата-энелерге жана окуучуларга китепке аяр мамиле жасоо боюнча түшүндүрүү иштерин алып барат.
- Окуучу китеп тандоодо жана алууда бирге болот(бала менен бирге), ошондой эле окуп бүткөн китептерди тапшырууну уюштурат.
- Айрылган китептерди өз убагында бүтөп, окуу бурчуна тапшырууну көзөмөлдөйт.

- Китептерди берүү жана тапшыруу журналына каттоону алып барат, баладан окуган текст боюнча түшүнүгүн сурайт.(төмөнкү форма боюнча)

| № | Окурмандын аты-жөнү | Китептин аталышы жан автору | Берилген мөөнөтү колу | Тапшырылган мөөнөтү/колу | Окулган текст боюнча мугалимдин комментарийси |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Өмүрбекова Акылай Руслановна | Полная христоматия Е.В.Посашкова | 21.09.22 | 30.09.22 | Текст боюнча өз алдынча иштөө |

PDF-XChange Viewer Click to buy NOW! www.docu-track.com

- 3-4-класстарда китептерди берүү жана кайтарууда, класс жетекчи активдүү окуучуларды шайлайт. Ошондой эле алар китептерге аяр мамиле жасоону көзөмөлдөөгө жардам берет.
- Класс жетекчиде сакталган каттоо журналына, ар бир китепти алган жана тапшырган мезгилде кол коёт

### 3.Окуучунун милдети.

- Окуу бурчундагы китепти тандоодо, аны карап, китепте кандайдыр бир кемчиликти байкаса, класс жетекчиге маалымдайт, китепке тиешелүү эскертүү жасалат.
- Китепке аяр мамиле жасоо, жыртпоо, барактарын бүктөбөө, китепке эскертүү жана белгилерди койбоо.
- Китепти өз убагында таза абалында кайтаруу.
- Окулган текст боюнча мугалимдин берген суроосуна жооп берүү.

## 2. Окуу бурчундагы китептерди тактоо жана сактоо.

- Окуу бурчундагы китептерди тактоо- кызыктар тарптардын (мугалим, ата-эне, окуучу) китептерди сактоого жана туура колдонууга өбөлгө түзөт.
- Класстагы окуу бурчунун уюштуруу жана сактоо жоопкерчилигин класс жетекчиге милдеттендирилет.
- Алынган китептердин абалы жана сактоосуна окуу бурчунун колдонгон окурман жооптуу. Эгерде китепти ремонттоо зарыл болсо алар ишке ашырат.
- Китепке карандаш , ручка ж.б нерселер менен белги коюууга тыюу салынат.
- Китептерди үйдө сактоодо кичинекей балдардан, уй жаныбарларынан, оттон жана нымдуу жерлерден сырткары китепке тиешелүү жерде сактоо сунушталат.
- Окуу бурчунан жоголгон, же ордуна келбей турган китепке зыян келтирсе, ата-энелер же кепил болгон адам жооптуу.

Сканировано с CamScanner

PDF-XChange Viewer Click to buy NOW! www.docu-track.com